ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№03/24 протоколу

2024-ж. 28-ноябрь Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 5
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Окуу процессинин жүрүшү жөнүндө.
   Студенттер үчүн кошумча курс, кружок жана башка иш чараларды уюштуруу жөнүндө;
2. ЖАЭУнун чарба иштеринин абалы жөнүндө маалымат;
3. Аккредитациянын чечимдерин талкуулоо жана кемчилдиктерди жоюу боюнча иш планын кароо;
4. Ар түрдүү маселелер
   4.1. Окумуштуулар кеңешинин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!

2024-2025-окуу жылында студенттердин кабыл алуусун эске алып жаңы алынган группаларга окуу процессинин графигин карап чыгууну сунуштайм.

Заман талабына ылайык университеттин сайтын студенттерге жана башка кызыктар тараптарга маалыматтуулугун жакшыртуу үчүн өзгөртүү киргизүүбүз зарыл.

Учурда биринчи, экинчи, үчүнчү курстардын студенттери окуп жатышат. Алар үчүн аккредитациялык агенттиктин сунушуна ылайык чет элдик студенттердин муктаждыгын эске алып кыргыз жана орус тил кружокторун түзүүнү сунуштайм.”

2-маселе боюнча ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокулов сөз сүйлөдү: – “Окуу корпусу кышкы сууктарга даяр, жылуулук берүүчү системалар толугу менен иштеп жатат. Аудиторияларга керектүү жабдыктар менен камсыздалууда. Лабораторияларды түзүүдөгү керектүү эмеректерге буйрутма берилип жатат, дагы да керектүү жабдыктарды тактоо процессиндебиз.

Чет өлкөдөн келген студенттер жатаканарга жайгаштырылып жатышат.

Ой-пикирлер, сунуштар болсо айтсаңыздар.”

Суроолор берилди:

Декан Астанов Ш.М.:

Суроо-1: – “Биздин студенттерди окуу корпусуна жакынкы жатаканаларга жайгаштырууга мүмкүнчүлүк барбы?”

2-суроо. “Сырттан келген конокторго берилүүчү белектерге чыгымдар үчүн акча каражаты бөлүнүп берилеби”?

3- суроо. “1-этаждагы кире бериштин эшигин жабыла турган режимин иштетип койсок болобу? Эртең менен суук кирип жатат.”

Жооптор: ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокулов:

1-сурооого жооп: – “Ооба мүмкүнчүлүк бар, жакынкы жатаканалардагы бош орундуктарды аныктап, бош орундуктар болсо, бул маселени чечкени аракет кылабыз.”

2-сурооого жооп: – “Маселе каралып жатат, оң жагына чечкени аракет кылабыз.”

3- сурооого жооп: – “Дүйшөмбү күндөн баштап иштетебиз.”

3 - маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “4-6 ноябрь күндөрү окуу жайыбыз институционалдык жана программалык аккредитациядан өттү. Аккредитациялык агенттиктен келген корутундуга анализ жасап кемчиликтерди жоюу боюнча план түзүп, ишти алып баралы.

1-стандарт боюнча

1.1 – критерий. 1.09.2025-ж чейин миссияны карап чыгып окуу жайдын уникалдуулугун кошуп так даана кылып өзгөртүүбүз керек. Бул маселе боюнча жооптуулар

1. Ректор – Нарбаев М.Р.

2. Окуу иштери боюнча проректор – Садырова Н.А.

3. Илимий, МТжСИ боюнча проректор Асилова З.А.

4. Декан – Астанов Ш.М.

1.3 – критерий боюнча ISO-9001 Эл аралык стандартка жооп берүүчү бирдиктүү сапат менеджментинин системасын кайра карап чыгуу. Жооптуу: окуу иштери боюнча проректор – Садырова Н.А.

2-стандарт боюнча

2.3 – критерий. Окуу планына факультетская педиатрия, госпитальная педиатрия, стоматология, остеопатия, трансплантация печени жана физкультура сабактарын укуктук ченемдик жактан киргизүүнү карап чыгуу керек. Мөөнөтү 1.09.2025-ж. Жооптуу: Декан Астанов Ш.М.

2.8 – критерий. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгын окуу процессинде колдонуу боюнча маселени карап планын түзүү керек. Мөөнөтү 1.03.2025-ж. Жооптуу: Илимий, МТжСИ боюнча проректор Асилова З.А.

3- стандарт.

3.1 – критерий. Студенттер менен кайтарым байланышты күчөтүү максатында курстарды, факультативдерди, кружокторду уюштуруу жана анализ жүргүзүп туруу. Мөөнөтү 1.03.2025-ж. Жооптуу: Декан – Астанов Ш.М., Программдык камсыздоо боюнча башкы адис – Жаанбаев З.С.

3.4.-критерий. Тил боюнча барьер практикалык көндүмдөрдү калыптандырууда кыйынчылыктарды жаратат. Ошондуктан тил курстары уюштурулушу зарыл. Мөөнөтү 1.03.2025-ж. Жооптуу: Илимий, МТжСИ боюнча проректор – Асилова З.А.

5-стандарт.

5.1 – критерий. Клиникалык жана фундаменталдык сабактардан окутуучулардын жетишсиздигин жоюу. Мөөнөтү 1.03.2025-ж. Жооптуулар: Окуу иштери боюнча проректор – Садырова Н.А., Илимий, МТжСИ боюнча проректор – Асилова З.А., Декан – Астанов Ш.М.

5.3. – критерий. Инновациялык методдор боюнча семинарларды уюштуруу. Мөөнөтү 1.03.2025-ж. Жооптуулар: Илимий, МТжСИ боюнча проректор – Асилова З.А.

6-стандарт.

6.1. – критерий. Материалдык техникалык ресурстардагы кемчилдиктер.

- Студенттерге практикалык көндөмдөрдү пайда кылуу үчүн Клиника толук кандуу жабдыктар менен камсыз болбогон;
- Кабинеттер жана лабораториялар керектүү жабдыктар менен камсыз болбогон;
- Лабораторияларда вытяжной шкафтардын, раковиналардын жана реактив сакталуучу жерлердин жоктугу;
- Реактивдердин жетишсиздиги;
- Микроскоптор коюлган лабораториялар электр разеткалар менен камсыз болбогондугу.

Бул кемчилдиктерди жоюу үчүн төмөнкү мөөнөттөр коюлган.

Бир жыл ичинде клиниканы тиешелүү жабдыктар менен камсыз кылуу керек.

01.03.2025-ж чейин кабинеттерди жабдылышын жана методикалык камсыздалышын камсыз кылуу керек.

01.05.2025-ж чейин лабораторияларда вытяжной шкафтар, раковиналар жана реактив сакталуучу жерлер менен камсыздандырылсын.

01.03.2025-ж чейин лабораториялар керектүү реактивдер менен камсыз кылынсын.

01.01.2025-ж. чейин микроскоптор электр түйүнү жана розеткалар менен камсыз болсун.

Жооптуулар: Декан – Астанов Ш.М., административдик чарба иштери боюнча проректор – Торокулов Э.Ш.

7- стандарт.

Илимий изилдөө иштери баштапкы этапта. Жогорку импак-факторлуу журналдарда (Web of Science, Scopus...) макалалардын аздыгы белгиленди.

01.03.2025-ж чейин илимий изилдөө жана илимий методикалык иштеринин планына кошумча киргизүү.

01.03.2025-ж чейин илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана илимий макалаларды индекси бар журналдарга жарыялоо боюнча окутуучуларды мотивациялоочу системаны иштеп чыгуу.

Жооптуу Илимий, МТ ж СИ боюнча проректор Асилова З.А.

8- стандарт.

ЖАЭУнун жетекчилиги жана кызматкерлеринин арасындагы жамааттык келишимдин жоктугу жана Иш кагаздарды жүргүзүүнүну жобосу менен графигинин жоктугу белгиленди.

Жооптуулар: Окуу иштери боюнча проректор – Садырова Н.А., экономист – Нарматов М.К.

Жалпысынан 16 кемчилдик белгиленген аткаруу мөөнөттөрү 2025-жылдын 1-марты, 1 – майы 1- сентябрына туура келет.

4. Ар турдүү маселелер:

4.1. - маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү:

Башкы бухгалтер Токоева Нурзат Тахировнанын өз каалоосу менен жумуштан кеткендигине байланыштуу, окумуштуулар кеңешинин курамынан чыгарылып ордуна укук маселелери жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Бубукан Жолдошевнаны

курамга кошууну сунуштайм. Ошондой эле юрист Осмонов Алтынбек Батыровичтин Окумуштуулар кеңешинин жыйындарына катышпай жаткандыгын байланыштуу, аны Окумуштуулар кеңешинин курамынан чыгарууну жана анын ордуна Дипак Чаулагейнди окумуштуулар кеңешинин курамына кошууну сунуштайм.”

Сөзгө чыккандар:

1.Окуу иштери боюнча проректор – Н.А. Садырова: – “Чынында эле укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүш башчысы окумуштуулар кеңешинин курамында болушу керек, ал эми жаңы башks бухгалтер айкалыштыруучу болгондугуна байланыштуу курамга кошпосок да болот.”

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) Кабыл алуунун жыйынтыгын эске алып жаңы алынган студенттер үчүн жаңы окуу процессинин графиги түзүлсүн;
   б) Окуу жайдын сайтынын структурасы жаңылансын;
   в) Студенттер үчүн адистик дисциплиналар боюнча кружоктор жана орус тили, кыргыз тили боюнча тил курстары уюштурулсун. Окутуучуларга тил курстары үчүн сааттык төлөм жүргүзүлсүн;
2. Административдик чарба иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын жана окуу процессине керектелүүчү жабдыктар такталып, камсыздоо боюнча иш чара жүргүзүлсүн;
3. а) Аккредитациялык агенттик тарабынан берилген сунуштарды ишке ашыруу боюнча жумушчу топ түзүлсүн;
   б) Кемчилдиктерди жоюу боюнча иш план түзүлсүн;
   в) Кемчилдиктерди жоюу Аккредитациялык агенттик тарабынан коюлган мөөнөт ичинде аткарылсын;
   г) Бул чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор Н.А. Садыровага милдеттендирилсин;
4. Ар түрдүү маселелр:
   4.1. а) Окумуштуулар кеңешинин курамынан башкы бухгалтер Токоева Нурзат Тахировна жана юрист Осмонов Алтынбек Батырович чыгарылсын;
   б) Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна жана Дипак Чаулагейнди окумуштуулар кеңешмесинин курамына киргизилсин жана Сунушталган жаңы курам кайрадан бекитилсин.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.